**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 20-май № 15 Манас айылы

**Жаныбаева Бүбүрайымга Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Эл аралык Энелер күнүнө карата Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына көрсөтүү боюнча талкуулап, карап чыгып Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын тургуну Жаныбаева Бүбүрайымды көп жылдык үзүрлүү эмгегин баалап, Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.
2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р. Биримкулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 16 Манас айылы

**Акматова Уриятка Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө**

Эл аралык Энелер күнүнө карата Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамына көрсөтүү боюнча талкуулап, карап чыгып Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Акматова Урияттын көп жылдык үзүрлүү эмгегин баалап, Чоң-Алыш айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамы ыйгарылсын.
2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р. Биримкулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 20-май № 17 — Манас айылы

**Манас айылынын “Ак-Сай” сервиси жана жайыт комитети, Кара-Суу айылынын “Ак-Булак” сервиси жана жайыт комитеттери бириктирүү жолу менен жокко чыгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” № 52 токтомунун негизинде, айыл өкмөттөр бириккендигине байланыштуу мурунку Өмүралиев айыл аймагынын “Ак-Сай” сервиси жана жайыт комитети жана Кара-Суу айыл аймагынын “Ак-Булак” сервиси жана жайыт комитеттери бириктирүү жолу менен жокко чыгарылып, жаңы Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында бириктирилген муниципалдык ишкана түзүү боюнча талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас айылынын “Ак-Сай” сервиси жана жайыт комитети, Кара-Суу айылынын “Ак-Булак” сервиси жана жайыт комитеттери бириктирүү жолу менен жокко чыгарылсын жана Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында муниципалдык ишкана түзүлсүн.

2. Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн муниципалдык ишканасына тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөтүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОН-АЛЫШСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 20-май № 18 — Манас айылы

**Муниципалдык ишкана ачуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагына караштуу муниципалдык ишкана ачуу жөнүндө Чоң-Алыш айылдык кеңешинин депутаттары талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн карамагында турган Муниципалдык ишкана ачылсын.
2. Муниципалдык ишкананын жетекчисин кызмат ордуна квалификациялык талаптарды ишкананын ишинин түрүнө, функцияларына жана аткарган тапшырмаларына, ошондой эле ишкананын Уставына каралган, ишкананын жетекчисинин укуктарына жана милдеттерине жараша иш алып барылсын.
3. Чон-Алыш айыл өкмөтүнүн алдындагы Муниципалдык ишкананын аты “Чоң-Алыш муниципалдык ишкана ” деп аталсын.
4. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө жагы, Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 19 Манас айылы

**Спорттук комплекс куруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңеши 2019-жылдын 11-февралындагы №113 токтомуна өзгөртүү, толуктоо киргизүү максатында Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы Ж.Огонбаев атындагы маданият үйүнүн түштүк чыгыш тарабында жайгашкан бала бакча курууга каралган муниципалдык менчик жердин ордуна спорттук комплекс курууга уруксат берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 20 — Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагындагы муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк обьектилердин реестрин бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагындагы муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк обьектилердин реестрин карап, талкуулап чыгып Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк обьектилердин реестри бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 21 Манас айылы

**2024-2028-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык стратегиялык туруктуу өнүктүрүүнүн ишке ашыруу планын бекитүү жөнүндө**

2024-2028-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык стратегиялык туруктуу өнүктүрүүнүн ишке ашыруу планын талкуулап карап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. 2024-2028-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык стратегиялык туруктуу өнүктүрүүнүн ишке ашыруу планы бекитилсин.
2. 2024-2028-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык – экономикалык стратегиялык туруктуу өнүктүрүүнүн ишке ашыруу планы боюнча иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Р.Т. Биримкулов**

## 2024-2028-жылдар мезгилинде Чоң-Алыш айыл аймагынын социалдык-экономикалык стратегиялык туруктуу өнүктүрүүнүн ишке ашыруу планы

| № | Иш-аракеттердин түрү | Сметалык баасы | Каржылоо булагы | мөөнөтү | Аткарылган иш-чаралар | жоопкерлер |
|---|---|---|---|---|---|---|
| СОЦИАЛДЫК ИНФРАСТРУКТУРА | | | | | | |
| 1. | Чат-Базар айылындагы А.Эшалиева атындагы бала бакчасына кошумча 25 орундук корпус куруу. Долбоор Арис агенттиги аркылуу ишке ашырылып, 4698000сом акча каралган.Калган сумма жергиликтүү бюджеттен бөлүнөт. | 1млн.78мин сом | АРИС жергиликтүү бюджет | 2024-ж | Тендер жарыяланып жумуш 2024-жылдын 3-кварталында бүткөрүлөт. | Айыл өкмөтү |
| 2. | Манас айылындагы Д.Молдоярова атындагы бала бакчасынын базасында 50 орундук кошумча корпус куруу. Бүгүнкү күндө документтери толугу менен даярдалып,мамлекеттик экспертизадан өткөрүлүп жатат. | 21 млн. сом | жергиликтүү бюджет Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2028-жж | Жергиликтүү бюджеттен 8500000сом акча каражаты бөлүнгөн,калган акча каражатын долбоор аркылуу Талас райондук өнүктүрүү фондуна кайрылабыз. | Айыл өкмөтү |

(

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | Манас айылындагы Б.Жанузковорго мектебинин жаңы имаратын жаңы окуу жылына карата бүткөрүү жана эски имаратынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо. | | Респ.бюдж. жергиликтүү бюджет | 2024-2025 |
| 4 | Кара-Суу айылындагы А.Карыпкулов орто мектебинин чатырын алмаштырып,тегерегин курчоо | | жергиликтүү бюджет Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2025-ж.ж |
| 5. | Кара Суу айылындагы А.Карыпкулов орто мектебинин материалдык-техникалык базасын чыңдоо | 1658000 | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2025-ж.ж |
| 6. | Кара Суу, Манас, Чат-Базар айылдарын таза суу менен камсыз кылуу үчүн иштерди алып баруу. | | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2025-ж.ж |
| 7. | Кара-Суу,Чат-Базар айылдарына Беккари чуңкурун казып, таштанды полигонун тегерегин курчоо. | | АРИС жергиликтүү бюджет | 2024-2025-ж.ж |
| 8 | Чат-Базар айылындагы А.Оторбаев орто мектебине жаңы типтүү 275 орундуу | | Респ. бюджет | 2025-2028-ж.ж |

| | |
|---|---|
| Окуучуга толук кандуу билим алууга шарт түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| Окуучулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт. | Мектеп администрациясы Айыл өкмөт |
| Талас райондук өнүктүрүү фондусуна "А.Карышкулов орто мектебинин материалдык базасын чыңдоо үчүн техникалык жабдууларды алуу" аттуу долбоор жазылып,колдоо таап тендерге берилди. | Мектеп администрациясы Айыл окмот |
| Калктын ден соолугуна кам көрүү менен айыл тургундары толук кандуу таза суу менен камсыздалат. | Айыл өкмөтү, коомчулук |
| Айылдын тазалыгына жана калктын саламаттыгына кам көрүлүп, Айлана-чөйрө таза болуп жагымдуу шарт түзүлөт. | Айыл окмөтү, коомчулук |
| Манас айылындагы Ш.Жанузаков атындагы орто мектептин курулушун аягына чыгарып ишке берүү.. | Айыл өкмөтү коомчулук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | имарат куруу | | | |
| 9. | Чон Алыш айыл аймагынын административдик имаратын толук кандуу капиталдык ремонттон откоруу | | жергиликтүү бюджет | 2024-2025-жж |
| 10. | Айылдардагы бардык ички көчөлөрдү ирээтке келтирүү | | жергиликтүү бюджет | 2024-2026-ж.ж |
| 11. | Чон-Алыш айыл аймагындагы айылындагы ички көчөлөргө электр энергиясы менен жол чырактарын орнотуу. | | жергиликтүү бюджет | 2024-2028-ж |
| 12. | Жаңы конуштарга электр чубалгыларын тартуу үчүн ЖБ тирөөчтөрүн алуу жана орнотуу | | жергиликтүү бюджет | 2024-ж |
| 13. | Жакынкы алыскы жайыттарга баруучу жолдорду оңдоо | | жергиликтүү бюджет | 2024-2028-жж |
| 14. | Чат-Базар айылына логистикалык борбор ачуу | | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2028-жж |
| 15. | Муниципалдык ишкананын ишин алдыга жүргүзүү жана жаңы заманбап техникаларын алып берүү. | | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2028-жж |
| 16. | Манас айылына муниципалдык ишкананын техникалары үчүн гараж | | Демөөрчүлөр жергиликтүү бюджет | 2024-2026-жж |

| | |
|---|---|
| Чоң Алыш айыл аймагынын административдик имараты толук кандуу оңдоодон өткөрүү менен калк үчүн жагымдуу шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Айыл тургундарынын ички көчөлөрүндө каттамдар үчүн жакшы шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| Айыл тургундары электр энергиясы менен камсыз болуп,көчөлөр жарыктандырылат. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Айыл тургундары электр энергиясы менен камсыз болуп,көчөлөр жарыктандырылат | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Жол каттамы оңдолот.жайлоого фермерлердин көчүп конуусуна талапка ылайык жол оңдолот. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Дыйкандар түшүмдөрүн сакташат. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Дыйкандардын убагында айдап себүүсүнө жана оруп жыйноосуна жакшы шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| МТСтин техникалары үчүн шарт түзүлөт.Техникалар чогуу бир жерде турат. | Айыл өкмөтү коомчулук |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | куруу. | | |
| 17. | Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-суу, Манас, Чат-Базар айылдарына ден-соолукту чыңдоо максатында аялдар үчүн фитнес зал куруп, залына керектелүүчү шаймандар менен камсыз кылуу. | | Талас өнүктүрүү фонду |
| 18. | Манас айылындагы Ш.Жумагулов орто мектебин толугу менен оңдоо түзөө иштерин жүргүзүү. | | жергиликтүү бюджет Талас өнүктүрүү фонду |
| 19. | Туризим тармагын өнүктүрүү. Туристерге ыңгайлуу, заман талабына ылайык, эс алуучу жай куруу, Айыл аймагына туристерди тартуу | | Талас өнүктүрүү фонду |
| 20. | Чоң- Айыл айыл аймагына сүт заводун ачуу | | жергиликтүү бюджет Талас өнүктүрүү фонду |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| 2024-2028-ж | аялдардын ден-соолугу, бош убактысын туура пайдаланууга өбөлгө түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-жж | Окуучулар үчүн ыңгайлуу шарт түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-жж | Туристердин жайкы эс алуусуна шарттар түзүлөт, жумушчу орундар түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-жж | Ишкер, фермерлерге жакшы шарт түзүлүп, жумушчу орундар түзүлөт | Айыл өкмөтү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 21 | Өзгөчө кырдаалдар катталган учурда абадан тартуучу дрон сатып алуу | | жергиликтүү бюджет |
| 22 | Айыл өкмөтүнүн электр тогу менен жүрүүчү кызматтык унаа сатып алуу | | Респ. бюджет ижергиликтүү бюджет |
| 23. | Аз камсыз көп балалуу, үйү жок үй-бүлөлөргө заманбап көп кабаттуу үй куруу | | Респ. бюджет Талас өнүктүрүү фонду |
| 24 | Айыл өкмөтүнүн айыл чарба кайра бөлүштүрүү жерине күн нурунан электр жарыгын алуучу станция куруу | | ивесторлорду тартуу |
| 25. | Кара-Суу,Манас, Чат-Базар айылдарына газ киргизүү | | Талас өнүктүрүү фонду |
| 26. | Кара-Суу айылынын жол жээгинин этегине жеңил тамактануучу аш кана ачуу | | Жеке ишкер |
| 27. | Айыл аймагынын коопсуздугун жана тазалыгын алдын алуу үчүн көзөмөлдөөчү жерлерге видио комераларды орнотуу | | ижергиликтүү бюджет |

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Ирригация тармагын өнүктүрүү,айыл аймактагы | | Айыл чарбасын |

| | | |
|---|---|---|
| 2024-2028-ж | Айыл элинин коопсуздугун алдын алууга жакшына шарт түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-ж | Айыл өкмөтүнүн ишин алдыга жүргүзүү жана ГСМ ге кеткен каражатты үнөмдөөгө жакшы шарт түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-ж | Айылдагы аз камсыз үйгө муктаж үйбүлөөлөр үй менен камсыз болот | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-ж | Станция курулуп калса электр энергиясын үнөмдөөгө, электр энергиясынын таңсыктыгын жоюууга жакшы шарт түзүлөт | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-ж | Айыл элинин жашоо шарты жакшырат, абанын булганышын алдын алат. | Айыл өкмөтү |
| 2024-2028-ж | Жол жээги болгондуктан, жолдон мал айдап өткөн малчылар, узак жолго чыккан айдоочулар тактоп тамактануусуна жакшы шарт түзүлүп,. жумушчу орундар түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| 2024-2025-ж | Айыл аймагынын тазалыгы жакшырып, коопсуздугун алдын алат | Айыл өкмөтү |
| 2024-2026-ж ж | Дыйкандарга жакшы шарт түзүлөт.Дыйкандар сугат суу менен камсыз болот. | Айыл өкмөтү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | канал,БСР шлюостарды калыбына келтирүү. | | каржылоо долбоору | |
| 2 | Манас айылындагы Таш-Мойнок участкасындагы жайытка кетүүчү көпүрөнү оңдоо | | жергиликтүү бюджет | 2024-2026-ж.ж |
| 3 | Чат-Базар айылындагы А.Оторбаевдин эстелигин ирээтке келтирүү | | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2026-ж |
| 4 | Жайытка жана үлүш жерлерге кетүүчү жолдорго трубаларды жаткыруу | | жергиликтүү бюджет | 2024-2026-ж.ж |
| 5 | Чат-Базар айылына эс алуучу балдар ойноочу парк куруу | | Демоорчулор жергиликтүү бюджет | 2024-2026-ж.ж |
| 6 | Манас айылына сафлер майын чыгаруучу завод куруу | | Долбоор аркылуу | 2024-2026-ж.ж |
| 7 | Кара Суу айылындагы "Жыл мурас" долбоорунун алкагында Ч.Сулайманов паркына ак кайын көчөтторун отургузуу | | Жергиликтүү бюджет | 2024-ж |
| 8 | Тамчылатып сугаруу жолу менен 3га жерге алмурут,кара өрүк,[illegible]жана малина тигүү | | Жеке ишкерлер | 2024-2025-ж.ж |

| | |
|---|---|
| Жол каттамы оңдолот.жайлоого фермерлердин көчүп конуусуна талапка ылайык жол оңдолот. | Айыл өкмөтү |
| Айыл тургундарына эс алуу үчүн жагымдуу шарт түзүү. | Айыл өкмөтү |
| Дыйкандарга.малчыларга шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү Дыйкан фермерлер |
| Балдардын ойноосуна жагымдуу шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү.фер мерлер |
| Калкты жумуш менен камсыздоо шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү жеке ишкерлер |
| Жаңылдандыруу, көрктөндүрүү иштери ишке ашат.Айылга көрк берип айыл тургундары үчүн жагымдуу эс алуучу жай болот. | Айыл өкмөтү |
| Багбанчылык кылуу менен жумушчу орундар түзүлөт.Алынган түшүм өз убагында жыйналып алынып. экспорттолот. Аз түшүм берүүчү жерлерди кайра иштетип ишке | Айыл өкмөтү жеке ишкерлер |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | киргизүү,пайдалуу натыйжаларды алуу менен таза азык программасын ишке ашыруу. | |
| 9 | Кара Суу айылындагы калктуу конуштарга тазалоочу курулмалардын түтүмүнүн ишин камсыз кылуу үчүн вакумдук машина алуу. | | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2025-ж | Айыл эли тазалык менен камсыз болуп,ден соолуктары жакшырат.Жагымсыз жыттан арылып аба тазарат. | Айыл окмөтү |
| 10 | Таштандылардан айлана-чөйрөнүн булганышын алдын алуу максатында Кара-Суу, Манас, Чат-Базар айылдарына таштанды таштоо үчүн көчөлөргө таштанды бөлүп таштоого урна орнотуу | | "Хельветас" эл аралык кызматташуу уюму | 2024-2025-ж | Таштандыдан арылып, көчөлөр ирээтке келтирилет. Айыл тургундары үчүн шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| 11 | Айыл аймагындагы жол жээгиндеги суу өтүүчү арыктарга труба орнотуу | | Жергиликтүү бюджет | | Дайыл элине сууну үнөмдөп жеткирүү жагы жакшырат | Айыл өкмөтү |
| МЕДИЦИНАЛЫК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨНҮН САПАТЫ | | | | | | |
| 1. | Манас айылындагы ФАПты капиталдык ремонттон өткөрүү | | Өнүүгү фонд | 2024-2025-ж.ж | айыл тургундарынын ден соолугуна кам көрүүдө шарттары жакшырат. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| 2 | Чат-Базар айылындагы больницага заманбап кабыл алуу бөлүмүн куруу | | Долбоор аркылуу | 2024-2028-ж.ж | Кайрылган элдин ден соолугуна кам көрүүдө шарттар түзүлөт | Айыл өкмөтү коомчулук |
| ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТТУ ӨНҮКТҮРҮҮ | | | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Чат-Базар айылындагы спорт залды капиталдык ремонттон өткөрүү | | Долбоор аркылуу | 2024-2026 |
| 2 | Кара-Суу айылынын тургундарынын сурамычы менен бокс машыгуу залын салуу | | Демөөрчүлөр инвестиция тартуу | 2024-2025-жж |
| 3 | Кара-Суу айылындагы күрөш залын толук капиталдык ремонттон өткөрүү | 4.5 млн. сом | Талас өнүктүрүү фонду | 2024-2028-жж |
| 4 | Манас айылындагы Б.Жапузков орто мектебинин базасында заманбап спорттук аянтча куруу | 100 млн сом | Долбоор аркылуу Мамлекеттик бюджет | 2025-2028 жж |
| 5 | Манас Талас районлук балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби эскилиги жеткендигине байланыштуу заманбап мектеп куруу | | Долбоор аркылуу Мамлекеттик бюджет | 2025-2028-жж |

**Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы**

**Экономист-Статистик**
**М.Нусупбекова**

| | |
|---|---|
| Спорт сүйүүчүлөргө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. | Айыл өкмөтү коомчулук |
| Спорт сүйүүчүлөргө ыңгайлуу шарттар түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| Айыл жаштарынын спорт менен машыгуусуна жакшы шарт түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| Балдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлүп, ар кандай спорттук оюндарды ойноосуна ыңгайлуу шарттар түзүлөт. | Айыл өкмөтү |
| Жаш өспүрүм балдарспорт менен машыгып ден соолугу чың болот жана кылмыштуулук азаят. | Айыл өкмөтү |

А.Көчөрбаев

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 22 Манас айылы

**“Сабира апа” бала бакчасын ачуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылын тургуну жеке ишкер Рыскулов Думан Болотбекович Кара-Суу айылына 75 орундуу бала бакча салып, 2024-жылдын 27-апрелинде ачылышын өткөргөндүгү боюнча Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн карамагына “Сабира апа ” бала бакчасы алынсын.
2. Жеке ишкер Рыскулов Думан Болотбекович тарабынан Кара-Суу айылына 75 орундуу “Сабира апа” бала бакчасын юридикалык каттоодон өткөрүү жана мөөрлөрүн алуу жагы камсыздалсын.
3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Р.Т.Биримкулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 23 Манас айылы

**2024-жылга көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу Жобону жана иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгын аткаруу максатында 2024-жылы көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралу Жобо жана иш-чаралар планы жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык Кеңешинин кезексиз сессиясы **токтом кылат**:

1. Чоң-Алыш айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты жана тартипти сактоо боюнча эрежелер тууралуу Жобо жана 2024-жылга белгиленген иш-чаралар планы бекитилсин.

2. Иш-чараларды уюштурууга ийне жалбырактуу карагайлардын, кайың жана алма көчөттөрүн сатып алууга жергиликтүү бюджеттин 2215-беренесиндеги ар кандай чыгымдар бөлүмүнөн 165700 сом акча каражаты каралсын.

3. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысынан жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р.Т.Биримкулов**

Чоң-Алыш айыл кеңешинин

2024-жылдын 20-майындагы

№ 23 токтому менен бекитилди

## Чоң-Алыш айыл аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелер

### 1. Жалпы жоболор

1. Айыл аймактын айылдарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу, тазалыкты сактоо боюнча типтүү эрежелери (мындан ары - Эрежелер) Кыргыз Республикасынын "Укук бузуулар жөнүндө" кодексине, "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө", "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, "Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентябрындагы №305 Жарлыгына жана калктуу конуштарды тышкы көрктөндүрүү жана айлана-чөйрөнү коргоонун абалына талаптарды аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №262 буйругунун негизинде иштелип чыккан.

2. Эрежелер тышкы көрктөндүрүү, жашылдандыруу жаатында бирдиктүү жана милдеттүү талаптарды белгилейт, менчигинин түрүнө карабастан бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн айыл аймактарынын аймагын тазалоонун жана тейлөөнүн тартибин аныктайт.

3. Айыл өкмөтү эрежелерде белгиленген көктөндүрүү маселелери менен байланышкан жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

4. Айыл өкмөтү өз ыйгарым укуктарынын чегинде көрктөндүрүү маселелерин аткаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аныктайт.

### 2. Катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чогултуу жана чыгаруу иштерин уюштуруу

5. Айыл аймакка караштуу жерде жашаган же өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзгөн физикалык же юридикалык тараптар (абоненттер) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КТТК ташып чыгаруу кызматын көрсөтүүчү менен КТТК ташып чыгаруу боюнча келишимдерди түзүүгө милдетүү.

6. Жеке турак жайларда жана көп кабаттуу үйлөрдө жашаган тургундарга КР Жарандык кодексинин нормаларына ылайык коомдук келишимдерди же коомдук офертанын негизиндеги келишимдерди түзүүгө жол берилет.

7. Таштанды салынган каптарды чогултуучу аянттардын же таштандылар салынган каптардын ашып-ташып жыйылып кетишине, жана өрттөөгө жол берилбейт. Таштандылар графиги боюнча өз убагында ташылып кетүүгө тийиш.

8. Таштандыларды чогултуу үчүн жайлар, айыл өкмөтү, айыл башчылары жана катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчү менен макулдашуу боюнча атайын жабдылган аянтчаларга коюлат.

9. Жолдун өтүүчү бөлүгүнө, тротуарларга, газондорго, ошондой эле ирригациялык каналдардан 10 метрден жакын аралыкка таштанды салынган каптарды коюуга жана контейнерлерди орнотууга тыюу салынат.

10. Түзүлгөн келишимдерге ылайык, абоненттерден катуу турмуш-тиричилик калдыктарды ташып чыгаруу үчүн төлөмдөр жергиликтүү кеңеш бекиткен тарифке ылайык алынат.

11. Юридикалык жана жеке жактар катуу турмуш-тиричилик калдыктарды чыгаруу жана жок кылуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларына жана кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимдерге ылайык өз убагында жана толук төлөөгө милдеттүү.

12. 27-пунктта көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин ченемдерине ылайык, көрктөндүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

13. Кыймылсыз объекттерди курууну жеке жана юридикалык жактар ишти баштоонун алдында курулуш калдыктарын чыгаруу боюнча келишимдерди түзүүгө, аларды өз алдынча (таштанды чыгаруу келишимине ылайык) же таштанды чыгаруучу кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишим боюнча алып чыгууга милдеттүү.

14. Көчөлөргө, базарларга, сейил бактарга жана башка коомдук жайларга таштанды челектерин орнотуу зарыл.

15. Калк массалык турдө баруучу жайларда таштанды челектер бири-биринен 50 метр аралыкта жайгаштырылат. Көчөлөрдө бири-биринен 100 метрге чейинки аралыкта болот. Жүргүнчүлөрдү ташуучу коомдук транспорттун аялдамаларында жана мекеме-уюмдарга кире беришто таштанды челектердин саны экиден кем эмес болууга тийиш.

16. башка коомдук жайларга таштанды челектер жергиликтүү бюджетинин эсебинен орнотулат.

17. Таштандыларды уруксатсыз таштоого, орттоого күнөөлүү адамдар укук бузуулар жөнүндө колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

18. Таштандыларды уруксатсыз таштаган адамдарды аныктоого мүмкүн болбогон учурда, таштандыларды жок кылуу жана уруксат берилбеген таштанды таштоочу жайларды рекультивациялоо айыл өкмөтү же ал жактан ыйгарым укук берилген адам тарабынан белгиленген тартипте, белгиленген мөөнөттөрдө аймактын менчик ээсинин же жерди пайдалануучунун каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

19. Таштандыларды жок кылуучу жайларды кутуу үчүн жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органына жана таштандыларды чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүчүгө жүктөлөт.

### 3. Санитардык тейлөө жана аймакты тазалоону уюштуруу

20. Жалпы пайдалануучу жайларды санитардык жактан тейлөө таштандыларды, калдыктарды үзгүлтүксүз тазалоону, кышында карды, музду тазалоону, жолдун бөлүгүн жана тротуарларды кум менен себүүнү, жайында жолдун беттерин, тротуарларды, чакан

архитектуралык формаларды жууп, сугаруу, газондорду чабуу, жашыл аянтчаларды кароону камтыйт.

21. Имараттардын жана курулуштардын, турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлери, ижарачылары, аларга бекитилген аймактардын чегинде, чарбалык жана турак жай участокторун, жашыл аянтчаларды жана ирригациялык тармактарды үзгүлтүксүз тазалоону, күтүүнү камсыз кылууга милдеттүү, анын ичинде:

- узундугу боюнча имараттарга, үй чарбаларына же участокторго жанаша турган бүткүл аймак боюнча;
- туурасы боюнча - жолдун же сквердин жүрүүчү бөлүгүн бойлото, ал эми бир жактуу имаратта жүрүчү, аньш ичинде карама-каршы тротуарды кошуп, бөлүктүн туурасын бойлой;

22. Эгерде бир имаратта бир нече пайдалануучулар (ижарачылар) жайгашкан болсо, ага чектеш аймакты санитардык жактан тейлөө үчүн жоопкерчилик имараттын менчик ээсине жүктөлөт. Бул учурда жоопкерчилик чөйлөрүнүн чектерин аныктоо ижара келишими же имаратты бардык пайдалануучулар кол койгон келишим менен да аныкталышы мүмкүн.

23. Кызмат көрсөтүүчү коомдук дааратканаларды күтүүнү жана тейлөөнү камсыз кылат.

24. Айыл өкмөтү көчөдөгү убактылуу соода жайларын, соода объектилерине жанаша жайгашкан аймактарды (соода павильондору, курама соода борборлору, чатырлар, күркөлөр ж.б.) тазалоо үчүн жоопкерчиликти ушул соода объектилеринин ээлерине жүктөйт.

25. Узак мөөнөткө пайдаланылбай жаткан жана өздөштүрүлбөгөн аймактарды, имарттар бузулган жерлерди тазалоо үчүн жоопкерчилик ушул аймакка бекитилген жерди пайдалануучуларга же жер ээлерине жүктөлөт

26. Суу канализациясын (дренаждык тармакты) бүтөп коюуга, ошондой эле калдыктарды жана тиричилик таштандыларын суу кудуктарына төгүүгө тыюу салынат.

## 4. Тартипти, тазалыкты жана көрктөндүрүүнү камсыз кылуу

27. Айыл өкмөтүнүн бүткүл аймагында, анын ичинде коомдук жайларда тазалыкты жана тартипти сактоого, көрктөндүрүү элементтеринин (жолдор, тротуарлар, газондор, кичи архитектуралык формалар, сырткы жарыктандыруу, ирригациялык түйүн ж.б.) бузулушуна жана зыян тартышына жол бербөөгө ар кандай мүлк объектилерине кам көрүүгө милдеттүү.

28. Айыл аймакта тиричилик жана курулуш таштандыларын, өндүрүш калдыктарын, контейнерлерди, кыйылган бак-дарактарды, жалбырактарды, карды жалпы пайдаланылып жаткан жерге чыгарууга жол берилбейт.

29. Таштанды челектерин, көчө чырактарын, эстеликтерди, отургучтарды жана башка чакан архитектуралык формаларды бузууга жана зыян келтирүүгө тыюу салынат.

30. Газондорго, гүлзарларга, клумбаларга, балдар аянтчаларына, ирригациялык жана коллектордук-дренаждык тармактарга ар кандай багыттагы объекттерди жайгаштырууга, ошондой эле ирригациялык тармактардын жумушчу бөлүгүн тарытуучу түтүктөрдү төшөөгө тыюу салынат.

## 5. Жашылдандыруу

31. Объектилерди жашылдандырууга төмөнкү иштер кирет:

- бак-дарактарды отургузуу,

- бак-дарактарды жана бадалдарды, гүлзарларды багуу боюнча иштер

- жер кыртышын азыктандыруу, сугаруу, жумшартуу, отоо чөптөрдү тазалоо, өсүмдүктөрдү зыянкечтерден, илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо, жылуулукту сүйүүчү өсүмдүктөр коргоо (бардык тиешелүү жумуштарды аткаруу менен), жер семирткичтерди, таштандыларды жүктөө жана түшүрүү;

- куурап калган жана кулай турган дарактарды кыюу жана башкалар;

- газонду багуу боюнча жумуштар

- тырмоо, жумшартуу, жер семирткичтерди чачуу, сугаруу, отоо чөптөрдү тазалоо, таштандыларды жана түшкөн жалбырактарды жыйноо, топуракка отургузуу, газондун капталындагы өсүмдүктөр кыюу, чөптөрдү чабуу, пестициддер жана гербициддер менен дарылоо;

- скверлерди жана бакчаларды тосуу;

- айыл жерлерин жашылдандырууга тиешелүү жана башка дагы жумуштарды аткаруу.

32. Жашыл аймактарды талаптагыдай күтүү жана сактоо үчүн жоопкерчилик төмөнкүлөргө жүктөлөт:

- Жалпы пайдалануудагы аймактарда
- парктарда, скверлерде, сейил бактарда, көчөлөрдө айыл өкмөтү тиешелүү кызматтарды/иштерди аткаруучуга;
- турак жайлар жайгашкан квартал ичиндеги участоктордо
- үй жана турак жай ээлеринин бирикмелерине, имараттарды ижарага алуучуларга жана жер участокторунун ээлерине;
- ишканалардын жана башка юридикалык жактардын аймактарында өтпөл жердеги уюмдардын жетекчилерине;

33 . Жашыл аянттардын бардык түрлөрү үчүн сугаруунун жыштыгы май айынан октябрды кошо алганда 7-10 күндө бир жолудан кем эмес болушу керек.

34. Жашылдандыруу объектилериндеги жашыл аянттарды сугаруу эртен менен саат 8.00-9.00дон кечиктирбестен же кечинде саат 18.00-19.00дон кийин жүргүзүлөт.

35. Кызматтарды/иштерди сунуштоочу жашыл аянтчалардын таажысын өз убагында кыркууну камсыз кылат.

36. Таажыны санитардык кыркуу иштерине эскирген, илдетке чалдыккан, куурап калган жана бузулган бутактарды, ошондой эле таажысы ичине карай өскөн же бири-бирине жакын жайгашкан бутактарды алып салуу сыяктуу иштерди аткаруу камтылат. Санитардык кыркуу жыл сайын бүткүл вегетация мезгилинде жүргүзүлөт.

37. Түзүлүшүн келтирүү үчүн кыркуу - таажыга ылайыктуу түзүлүштү камсыздоо, өсүмдүктөрдүн бийиктигин тегиздөө, жол белгилеринин, светофорлордун ж.б. көрүнүүсүн камсыз кылуу максатында жүргүзүлөт, Бак-дарактарды жана бадалдарды калыптандыруу иштери бак-дарактар чандашып (ширелерин бөлүп чыгаруу) жаткан мезгилде (апрель-май) жүргүзүлбөйт.

38. Аймактарды жашылдандыруу аларды курулуш материалдарынын калдыктарынан, таштандылардан тазалоодон, жер астындагы коммуникацияларды жана курулмаларды тошоодон, жолдорду, өтмөлөрдү, тротуарларды төшөөдөн, аянтчаларды жана тосмолорду иретке келтиргенден кийин жүргүзүлөт.

39. Айыл аймактарынын чегинде жайгашкан бардык жашыл зоналар менчигинин түрүнө карабастан бирдиктүү жашыл фондду түзөт жана коргоого алынат,

40. Менчигинин түрүнө карабастан, аймагында жашыл аянтчалары бар юридикалык жана жеке жактарга, ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилерине

милдеттендирилет; жана ошондой эле жашыл аянтчаларды талаптагыдай күтүү жана сактоо жоопкерчилигин алгандар төмөндөгүлөрдү камсыздашат:

- жашыл зоналар өскөн аймактардын тиричилик жана өндүрүш калдыктары, курулуш калдыктары, канализация сыяктуу өсүмдүктөргө зыяндуу башка заттар менен булганышына жол бербөө;
- жайында жана кургакчылыкта газондорду, гулзарларды, бакдарактарды жана бадалдарды сугаруу;
- газондорду тебелеп кетүүгө жана аларга курулуш материалдарын, кумдарды, калдыктарды, кар, муз сыныктарын жана башкаларды сактоого жол бербөөгө;

41. Жаңы бак-дарактарды жана бадалдарды отургузуу, жолдордун тармагын озгортуу менен кайра куруу жана техниканы жайгаштыруу иштери агротехникалык шарттарды так сактоо менен белгиленген тартипте макулдашылган долбоорлор боюнча гана жүргүзүлүүгө тийиш;

42. Жашылдандырылган аймактарда төмөнкүлөр тыюу салынат:

- жашыл аянтчаларды кыюуга же жок кылууга уруксат берилген учурларын кошпогондо, жашыл аянтчаларды бузууга жана жок кылууга;
- тиешелүү кызматтардын макулдугу жок бак-дарактарды, бадалдарды өз алдынча кыюуга жана отургузууга, огороддорду жана газондорду иретке келтирүүгө;
- бакчанын жана парктын жолдорун тазалоодон алынган таза кардан тышкары, таштандыларды, карларды жана муздарды тозуучу жайларды уюштурууга;
- калдыктарды жана башка булганган заттарды газондорго төгүүгө;
- жалбырактарды күйгүзүүгө, жапырт жалбырак түшүү мезгилинде аларды арыктарга шыпырып салууга, алар менен бак-дарактарды жана бадалдарды көмүп салууга (аларды көчө бойлой жайылып кетпеши үчүн чогултуу, компост салуу үчүн атайын бөлүнгөн жерлерге алып салуу же таштанды жайларына алып баруу максатка ылайыктуу);
- от жагууга жана өрт коопсуздугунун эрежелерин бузууга;
- бак-дарактарга мыктарды кагууга, бак-дарактарга зыян келтирүүчү илгичтерди, көрнөк-жарнактарды, кулактандырууларды, мамлекеттик номурларды, белгилерди, электр зымдарын, лампалардын электр гирляндаларын, туᴦу гирляндаларын чаптоого, тикенек зымдарды жана башка тосмолорду тосууга;
- дарактардан шире, чайыр алууга, кабыгын кесип, оюктарды, жазууларды жасоого жана башка механикалык зыян келтирүүгө;
- белгиленген эрежелер богонча макулдашуусуз инженердик коммуникацияларды тошоо үчүн казуу иштерин жүргүзүүгө; - газондордо жана жашыл мейкиндиктери бар башка аянтгарда транспорт каражаттарын өткөрүү жана токтотууга;
- гүлдөрдү үзүп, дарактардын жана бадалдардын бутактарын сындырууга;

## 6. Тышкы жарыктандыруу

43. Муниципалдык менчиктеги тышкы жарыктандыруу тармактарын тейлөө айыл өкмөтү дайындалган кызмат көрсөтүүчү/подрядчы тарабынан жүргүзүлөт.

44. Жарык берүүчү тармактарды эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 155 токтомун менен бекитилген электр энергиясын пайдалануу эрежелери менен жөнгө салынат.

45. Тышкы жарыктандырууну күйгүзүү жана өчүрүү айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан жана бекитилген графиктер боюнча жүргүзүлөт.

46. Жергиликтүү бийлик коомдук жайларда иштебей турган көчө чырактарынын санына жол берилген ченемди белгилейт.

47. Металл мамылар жана тышкы жарыктандыруунун башка элементтери таза, дат басылбашы жана зарыл болгон учурда сырдалышы керек, бирок үч жылда бир жолудан кем болбоого тийиш.

48. Жеке жана юридикалык жактар өздөрүнө берилген аймактарда орнотулган же сатып алынган тышкы жарыктандыруунун элементтерин жабдууга жана жакшы абалда кармап турууга милдеттүү.

49. Сырткы жарыктандыруунун жана майрамдык иллюминациянын жаңыдан киргизилген элементтерин жайгаштыруу айыл өкмөтү менен макулдашылат.

## 7. Эрежелерди бузгандыгы үчүн юридикалык жактардын, кызмат адамдарынын жана жарандардын жоопкерчилиги

50. Ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тартиптик, жарандык жоопкерчилик белгиленет.

51. Бул көрктөндүрүү эрежелерин бузууга күнөөлүү юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 114-беренесинин 1-пунктуна ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

52. Таштандыларды белгиленбеген жерлерде чыгарган, өрттөгөн юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 115-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат.

53. Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу айыл өкмөтүнүн атайын комиссиялары белгиленген тартипти бузгандарга Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жаза чараларын көрөт.

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 20-майы № 24 Манас айылы

**"Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Чоң-Алыш айылдык аймагынын типтүү жобосун бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Типтүү жобону талкуулап, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын ишке ашыруу максатында Чоң-Алыш айылдык аймагынын типтүү жобосу бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Р.Т. Биримкулов**

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин
2024-жылдын 20-май
№24 токтому менен бекитилди

**Чоң-Алыш айылдык аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү, үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө типтүү ЖОБО**

1. Жалпы жоболор
2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби.
3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби
4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өтөрүүнүн тартиби
5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүүчү көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары.
6. Жергиликтүү комиссия.

## 1. Жалпы жоболор

**1.1** Бул Жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын ирээтке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы Президенттин №54 Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

**1.2** Жобонун максаты айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске-алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата-салтына жат терс көрөлгөлөрүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт санаасы жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

**2.1** Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алууырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын , өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн турган төмөндөгү курамда жумушчу тобу типтүү жобонун долбоорун иштеп чыкты

2.2 Ушул типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору Чоң-Алыш айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын 5-кезексиз сессиясында талкууланып 2024-жылдын 20-май №24 токтому менен бекитилди.

2.3 Жобонун бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте сайтка жарыяланат.

2.4 Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

**3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби**

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою жана куда тосуу маараке салтанаттары ж.б. кирет.

3.2.Жалпы үй-бүлөлүк салтанаттарга себет алып баруу жана мал союп түштөндүрүүгө тыюу салынсын. Мындан сырткары тойго чакырылган адамдардын саны 150дөн ашпасын. Үйлөнүү тоюнда кортежге 3 машинадан ашык чыгарылбасын.

3.3.Жалпы юбилейлик (18,30,50,60,70,80жаш) тойлорго тыюу салынсын жана 10 жылдык, 20 жылдык жолугушуулар токтотулсун.

3.4.Бала төрөлгөндө төрөт үйүнөн чыгаруудагы шаан-шөкөттөр жана тушоо кесүү, бешик тойлорду салтанатуу белгилөө токтотулсун.

**4. Өлгөндү эске алуу ырым – жырымдарын өткөрүүнүн тартиби.**

**4.1.** Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүдө майып чыккан үйдөн мал союлбасын.

**4.2.** (жетилик,жумалык,52 күндүк, жылдык) өткөрүүгө тыюу салынат.

**4.3.** Маркумду акыркы сапарга узатууда тасмалга салат, ар кандай кургатылган жер жемиш, данектерди коюу жагы токтотулсун.

**4.4.**Майып чыккан жерге кийит, килем,палас, жыртыш алып баруулар токтотулсун жана жыртыш таратылбасын, достор жана классташтары аркылуу мал союуп окутуу, ж.б. токтотулсун.

**4.5.**Ата-бабалардан бери келе жаткан маркумду эскерип аш берүү салты ысырапкорчулукту азайтуу жолу менен калтырылсын.

**5. Жергиликтүү комиссия**

**5.1.**Айыл аймакта үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу үчүн айыл өкмотүнүн башчысынын, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын , өкмөттүк эмес уюмдардын

өкүлдөрүнөн турган төмөндөгү курамда жумушчу тобу Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын 11- апрель № 43 буйругу менен бекитилди **(тиркеме тиркелет).**

**5.2.**Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп,жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара көрөт.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 25 Манас айылы

**“ Нур телеком”, “Мегаком” жана “Билайн” ишканалары менен жаңыртылып ижара келишим түзүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагындагы жайыт жерине тиешелүү Чырканак сайындагы “Нур телеком”, “Мегаком” ишканаларынын жана Ала-Бель ашуусунда “Билайн” ишканасынын базалык антенналары 6 кв.м жалпы аянты 18 кв.метр жерге, орнотулганына байланыштуу, ижара келишимин кайрадан түзүү жагын карап, талкуулап чыгып, Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы жайыт жерлеринде жайгашкан “ Нур телеком”, “Мегаком” жана “Билайн” ишканаларына ижарага берилген 18кв.м жерлер ушул ишканаларга калтырылсын жана кайрадан жаңыртылып ижара келишими түзүлсүн.

2. Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 26 Манас айылы

**Ш. Жумагулов, А.Карыпкулов, Б. Жанузаков атындагы үч мектептин окуучулары ментальная арихметика боюнча олимпиядага катышуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Ш. Жумагулов, А.Карыпкулов, Б. Жанузаков атындагы үч мектептин окуучулары ментальная арихметика боюнча Чолпон-Ата шаарында өтүүчү олимпиядага 9 окуучу жолдомо алгандыгына байланыштуу Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Ш. Жумагулов, А.Карыпкулов, Б. Жанузаков атындагы үч мектептин окуучулары ментальная арихметика боюнча Чолпон-Ата шаарында өтүүчү олимпиядага 9 окуучу катышууга баруу үчүн жол кирелери төлөнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р. Т.Биримкулов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024 -жылдын 20-майы № 27 — Манас айылы

**Айыл аймактардын өзгөрүү аттарын жаңыртуу боюнча**

Чоң-Алыш айыл аймагында жайгашкан айыл аймактардын аталыштарын өзгөртүү боюнча панолорду жаңыртуу максатында Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы токтом кылат:

1. Чоң-Алыш айыл аймагы паносун түнкү жарыктандыруусу менен жаңыртып которуп жазууга 2024-жылдын эркин каражатынан 350 миң.сом акча каражаты каралсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын

**Төрага** **Р.Т. Биримкулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешнинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 20-майы № 28 Манас айылы

**Коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) 2024-жылга иш-планын бекитүү жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Коомдук алдын алуу борборунунун (КААБ)2024-жылга түзүлгөн иш-планын бекитүү үчүн жана коомдук алдын алуу борборунда жүргүзүлө турган ар кандай иш-чараларга акча каражатын бөлүп берүү максатында Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 5-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынданы Коомдук алдын алуу борборунун (КААБ) 2024-жылга түзүлгөн иш-планы бекитилсин.

2. Коомдук алдын алуу борборунда өткөрүлө турган ар кандай иш-чараларга 10 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Коомдук алдын алуу борборунун иштешине көзөмөлдүк кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.

4. Тиешелүү акча каражатын бөлүп берүү жагы айыл өкмөтүнүн бухгалтери Б. Кенебаевага жүктөлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Р. Т.Биримкулов**

Чоң-Алыш айылдык кеңешинин
VIII-чакырылышынын 2024-жылдын
20-май №_____ токтому менен
бекитилди
Төрага _____________ Р. Биримкулов

**Чоң-Алыш айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн коомдук алдын алуу борборунун типтүү уставы**

## 1. Жалпы жоболор

1. Коомдук алдын алуу борбору (мындан ары – КАБ) – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (мындан ары - ЖӨБО) тарабынан көрсөтүлгөн административдик-аймактык бирдиктердин жана алардын курамына кирген айрым участоктордун, калктуу конуштардын тиешелүү аймактарында укук бузуулардын алдын алууну уюштурууга жана жүргүзүүгө ЖӨБО менен жарандардын биргеликте катышуусу максатында тиешелүү административдик аймакта түзүлүүчү коммерциялык эмес уюм.

2. Коммерциялык эмес уюмдун толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: "КАБ" Коомдук алдын алуу борбору" коомдук бирикмеси";
- расмий тилде: "Общественное объединение "Общественно-профилактический центр

Коммерциялык эмес уюмдун кыскартылган аталышы:

- мамлекеттик тилде: "КАБ" КБ".
- расмий тилде: "ОО "ОПЦ".

3. КАБ өз ишин "Кыргыз Республикасындагы укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын укук бузуулардын алдын-алуу чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге жана ушул Уставга ылайык ишке ашырат.

4. КАБдын иши мыйзамдуулук, ыктыярдуулук, инсанды урматтоо мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана калк менен өз ара аракеттенүү принциптеринде уюштурулат.

5. КАБ өз алдынча юридикалык жак болуп саналат, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы жазылган мөөрү жана штампы бар.

6. Коммерциялык эмес уюмдун юридикалык дареги: Чоң-Алыш айыл аймагы Манас айылы

7. КАБдын туруктуу иш алып баруучу органынын - Кеңешинин юридикалык дареги Чоң-Алыш айыл аймагы Манас айылы.

## 2. КАБдын максаттары жана милдеттери

8. КАБдын максаты ЖӨБОнун, жергиликтүү коомдоштуктун, жарандык коомдун, айылдын тиешелүү аймагында жайгашкан, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын жана мекемелердин күч-аракеттерин мыйзам бузуулардын алдын алууга, аныктоого, бөгөт коюуга, аларды жасоого мүмкүндүк берүүчү жагдайларды жоюу, жарандардын тартибин жана коопсуздугун камсыз кылууга багытталган иш-чараларды жүргүзүүгө бириктирүү.

9. КАБдын ишинин артыкчылыктуу багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- жалпы алдын-алууну камсыз кылуу (социалдык, экономикалык, саясий, укуктук жана башка кылмыштуулукка каршы факторлорду активдүү пайдаланууда мыйзам бузууларга жол бербөө);

- жекече алдын алуу (мыйзам бузууларга бара турган адамдарды аныктоо жана коомго каршы көз караштарды жана көрсөтмөлөрдү жеңүү);

- түздөн-түз алдын алуу (конкреттүү адамдын мыйзамга каршы мамилесинин фактыларына жол бербөө);

- эрте алдын алуу (балдар жана өспүрүмдөр тарабынан мыйзамга каршы аракеттердин жасалышына жол бербөө).

10. КАБдын милдеттери өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мыйзам бузууларды жана коомго каршы аракеттерди алдын алуу, аларды жасоого мүмкүндүк берүүчү себептерди жана шарттарды аныктоо жана жоюу жолу менен жарандардын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамга каршы аракеттерден коргоону камсыз кылуу;

- мыйзамга каршы жүрүм-турумдагы адамдарга карата жекече алдын алуу аракеттерин көрүү;

- мыйзам бузуулардын алдын алууга багытталган алдын алуучу чараларды көрүү;

- мамлекеттик органдар, коомдук бирикмелер жана жарандар менен мыйзам бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча өз ара аракеттенүүнү уюштуруу;

- укуктук билимдерди пропагандалоо;

- жашы жете электердин көзөмөлсүз калуусун алдын алуу боюнча иш-чараларга катышуу;

- тиешелүү айылдык аймактын жана , айыл аймагынын курамдарына кирүүчү айрым участоктордун, калктуу конуштардын аймактарында мыйзам бузуулардын абалына жана динамикасына мониторинг жүргүзүү;

- мыйзам бузуулардын алдын алууга тиешелүү мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун талкуулоого, тийиштүү сунуштарды даярдоого катышуу;

- мыйзам бузуулардын алдын алуу системасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды, сунуштамаларды даярдоо, аларга жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн катышуусун активдештирүү;

- өз жыйындарында коомдук тартипти сактоо жана кылмыштуулук менен күрөшүү, мыйзам бузуулардын себептерин жана шарттарын жоюу (нейтралдаштыруу), жарандардын мыйзамга баш ийүүсүнө

дем берүү маселелерин кароо жана бул багыттар боюнча мамлекеттик органдар үчүн конкреттүү сунуштамаларды иштеп чыгуу.

11. КАБдын иши тейлеген аймагында кылмыштуулуктун жана мыйзам бузуулардын абалын талдоонун негизинде иштелип чыккан алдын алуу иш-чараларынын планына ылайык ишке ашырылат.

## 3. КАБдын укуктары жана милдеттери

12. КАБ өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- өзүнүн иши жөнүндө маалыматтарды эркин жайылтууга;
- мамлекеттик бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жана коомдук бирикмелерде өз укугун, КАБдын мүчөлөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого жана билдирүүгө;
- өзүнүн уставдык максаттарын ишке ашырууга тиешеси бар маселелер боюнча демилге менен чыгууга, мамлекеттик бийлик органдарына жана ЖӨБОлорго сунуштарды киргизүүгө;
- мамлекеттик бийлик органдарынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коомдук бирикмелерден жана кызмат адамдарынан зарыл болгон маалыматты жана материалдарды белгиленген тартипте суроого;
- өз жыйындарына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын жана мекемелердин, уюмдардын кызмат адамдарын коомдук бирикмелердин өкүлдөрүн чакырууга;
- зарыл болгон учурда өз өкүлдөрүн мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өткөргөн жыйындарга, конференцияларга, семинарларга КАБдын компетенциясына кирген маселелер боюнча катышууга жиберүүгө;
- тейлеген аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин, коммерциялык түзүмдөрдүн жетекчилери менен укуктук тартипти чыңдоо маселелери боюнча кызматташууга;
- мамлекеттик жана жеке уюмдар, жеке жактар менен келишимдик мамилелерди түзүүгө, КАБдын ишинин максаттарына шайкеш келген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка иш-аракеттерди жасоого;
- жалпы максаттарга жетүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын аймагында ассоциацияларды жана бирикмелерди түзүүгө, ички жана чет өлкөлүк инвестицияларды тартууга, гранттарды жана башка трансферттерди, анын ичинде чет өлкөлүк уюмдардан жана мекемелерден алуу максатында укук бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча программалардын ар түрдүү долбоорлорун иштеп чыгууга.

13. КАБ төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, өз ишинин чөйрөсүнө тиешеси бар эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин

жана ченемдерин, ошондой эле ушул уставда жана башка уюмдаштыруучу документтерде каралган ченемдерди сактоого;

- дайыма, жылына бирден кем эмес жолу жергиликтүү коомдоштуктун, жергиликтүү кеңештин жана тиешелүү деңгээлдеги укук коргоо органдарынын координациялык кеңешмесинин алдында мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча өз иши жөнүндө отчет берүүгө;

- мыйзам бузуу фактылары жөнүндө ички иштер органдарына (мындан ары - ИИО) маалымдоого, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чараларды көрүүгө;

- коомдук бирикмелерди каттаган органдын суроо-талабы боюнча КАБдын жетектөөчү органдарынын жана кызмат адамдарынын чечимдери менен документтерди берүүгө;

- жарым жылдыктын жана жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзүнүн иши жөнүндө дайыма маалымат берүүгө;

- тиешелүү мамлекеттик органдарга ченемдик укуктук актыларда белгиленген мөөнөттө жана тартипте тийиштүү маалыматтарды жана отчетторду өз убагында берүүгө;

- жалпыга маалымдоо каражаттары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын сайты аркылуу коомчулукка КАБдын иши жөнүндө мезгил мезгили менен маалымдап турууга;

- КАБдын кадыр-баркы жана имиджи жөнүндө кам көрүүгө, анын идеяларын пропагандалоого.

## 4. КАБдын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

14. КАБга мүчөлүк ыктыярдуу негизде, жеке жана (же) жамааттык тартипте, жеке жана (же) жамааттык кайрылуунун негизинде ишке ашырылат.

15. Ошол айылдык аймакта туруктуу жашаган же иштеген, 18 жашка толгон, иш-аракетке жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын жарандары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары, ИИОнун кызматкерлери, ИИОнун жана эмгектин ардагерлери, аксакалдар сотторунун, аялдар жана жаштар кеңешинин, комерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрү, ошондой эле ишканалардын, окуу жайлардын жетекчилери, айылдык, кеңештердин депутаттары, жана өзүнүн моралдык-иштиктүү сапаттары боюнча коомдук тартипти коргоо милдеттерин ийгиликтүү аткарууга жөндөмдүү жарандар КАБдын мүчөлөрү боло алышат.

16. КАБдын мүчөлөрү өз милдеттерин аткарууда мамлекеттин коргоосунда болушат. Алардын кол тийбестиги, ар-намысы жана кадыр-баркы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте корголот.

17. КАБдын мүчөлөрү бирдей укукка ээ болушат жана бирдей милдеттерди аткарышат.

18. КАБдын мүчөлөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

- жалпы чогулуштарга катышууга;

- КАБдын жетектөөчү жана контролдоочу-ревизиялык органдарына шайлоого жана шайланууга;
- КАБга анын иши менен байланышкан маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;
- КАБдын пландалган иш-чаралары жөнүндө маалымат алууга;
- КАБ тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышууга.

19. КАБдын мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:

- КАБдын Уставын сактоого;
- КАБдын ишине катышууга;
- КАБдын жетектөөчү органдарынын чечимдерин аткарууга;
- КАБ тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга, жалпы чогулуштарга катышууга.

20. КАБга мүчөлүк төмөнкү учурларда токтотулат:

- жеке арызынын негизинде;
- КАБдын жетектөөчү органынын чечиминин негизинде КАБдын мүчөлүгүнөн чыгаруу;
- КАБдын мүчөсү каза болгондо;
- КАБдын мүчөсү ден-соолугунун абалы боюнча өз милдеттерин аткарууга жөндөмсүз болгондо;
- КАБдын мүчөсү ишке жөндөмсүз деп таанылган учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

21. КАБдан чыгаруу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

- ушул Уставдын талаптарын бузганда;
- жарандын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүүчү жоосундарды жасаганда;
- КАБдын ишине үч жолудан ашык катышуудан баш тартканда.

## 5. КАБдын жетектөөчү органдары жана алар тарабынан каралуучу маселелер

22. КАБдын жогорку органы болуп жалпы чогулуш эсептелет.

23. Жалпы чогулуш эгерде, чечим кабыл алууга анын мүчөлөрүнүн үчтөн биринен кем эмеси, ал эми коомдук бирикменин 100дөн ашуун мүчөсү болгон учурда - 25 мүчөсүнөн кем эмеси катышса кворумга ээ болот.

24. Жалпы чогулуштун өзгөчө компетенциясын төмөнкү маселелер түзөт:

- Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- КАБдын ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо, анын мүлкүн пайдалануу тартиби;
- коомдук бирикменин мүчөлөрүн кабыл алуу же андан чыгаруу (эгерде уставда башкача белгиленбесе);
- башкаруу органдарын түзүү тартиби;
- иши жөнүндө жылдык отчетту жана жылдык балансты бекитүү;
- башка юридикалык жактардын ишине катышуу;
- кайра уюштуруу жана жоюу;

- башка маселелер.

25. КАБ жалпы чогулуштун жыйындарын өткөрүү жана мүчөлөрдү кат жүзүндө сурамжылоо менен чечим чыгарышы мүмкүн.

26. КАБдын жалпы чогулушу зарылдыкка жараша, бирок жылына бирден кем эмес жолу чогулат.

27. КАБдын туруктуу иш алып баруучу органы болуп КАБдын Кеңеши (мындан ары - Кеңеш) саналат, ал КАБдын жалпы чогулушуна жана ЖӨБОго отчет берип турат.

28. Кеңештин курамы ЖӨБдүн аткаруучу органынын сунушу боюнча жергиликтүү кеңештин чечими менен 2 жылдык мөөнөткө бекитилет.

29. Кеңештин курамына уюмдардын, мекемелердин, окуу жайларынын жетекчилери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ЖӨБдүн аткаруучу органынын жоопту кызматкерлери, кондоминиумдардын, балдар иштери боюнча комиссиялардын өкүлдөрү, ИИОнун жана башка укук коргоо органдарынын, коомдук бирикмелердин, жергиликтүү коомдоштуктун, КАБдын мүчөлөрү болуп саналган жарандык коомдун өкүлдөрү кире алышат.

30. Кеңештин чечими Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

31. Кеңештин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- төраганы, анын орун басарын жана жоопту катчыны шайлоо;
- мыйзам бузуулардын алдын алуу боюнча иштердин программаларын бекитүү жана ишке ашыруу;
- Кеңештин пландарын жана иш-чараларын бекитүү;
- ЖӨБОнун жана КАБдын жалпы чогулушунун чечими менен аныкталган милдеттерди ишке ашыруу;
- КАБдын мүчөлүгүнө кабыл алуу жана КАБдын мүчөлүгүнөн чыгаруу;
- мыйзам бузуулардын алдын алуу маселелерин жана башка социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө активдүү катышкан жарандарды, коомчулукту сыйлоо жөнүндө өтүнүч каттарын киргизүү;
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары, ЖӨБОнун локалдык актылары менен киргизилген, ушул Уставга каршы келбеген башка маселелер.

32. Кеңеш коомдук башталышта иш алып барат. Кеңешке Кеңештин төрагасы, ал эми ал жок учурда Кеңештин төрагасынын орун басары жетекчилик кылат.

33. КАБдын Кеңешинин төрагасынын компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

- КАБдын жалпы чогулушунун чечимдеринин аткарылышын контролдоону уюштуруу;
- баардык мамлекеттик, жеке, коомдук уюмдарда жана бирикмелерде КАБдын атынан ишеним катсыз чыгуу;
- келишимдерди, макулдашууларды түзүү жана аларды бузуу;
- банктарда эсептерди ачуу жана КАБдын каражаттарын тескөө;
- КАБдын жалпы чогулушунун, Кеңештин өзгөчө компетенциясына кирбеген башка ыйгарым укуктар.

34. Кеңештин ишин уюштуруучулук камсыздоону Кеңештин жооптуу катчысы ишке ашырат.

35. Кеңештин чечими менен анын ишинин артыкчылыктуу багыттары боюнча Кенештин жыйындарына материалдарды жана сунуштарды даярдоо, башка маселелерди чечүү үчүн туруктуу жана убактылуу жумушчу топтор жана секциялар түзүлүшү мүмкүн, алардын иштерине Кеңештин мүчөлөрү жетекчилик кылышат.

36. Кеңештин жыйыны кварталда бирден кем эмес жолу өткөрүлөт. Зарыл болгон учурда Кеңештин кезексиз жыйындары өткөрүлүшү мүмкүн.

37. Кеңештин жыйынын Кеңештин төрагасы, ал эми ал жок учурда Кеңештин төрагасынын орун басары алып барат.

38. Кеңештин жыйыны эгерде, ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмеси катышса укуктуу деп саналат.

39. Кеңештин чечими жыйынга катышкан Кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана протокол менен тариздeлет, ага Кеңештин төрагасы же болбосо жыйынга төрагалык кылган адам кол коёт .

40. Кеңештин чечими сунуштама мүнөзүнө ээ. Кеңештин кабыл алынган чечимдери, сунуштары, сунуштамалары жөнүндө маалыматтар жалпыга маалымдоо каражаттары, коммунактивдүү байланыш аркылуу бийлик органдарына, коомчулукка жеткирилет.

## 6. КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

41. КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү КАБдын жалпы чогулушунун чечими же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча жана тартипте соттун чечими менен ишке ашырылат.

42. КАБды кайра уюштуруу жана жоюу, ошондой эле анын Уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө чечим жалпы чогулушка катышкан КАБдын мүчөлөрүнүн 2/3төн кем эмес добушу менен кабыл алынат.

43. КАБдын Уставындагы баардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоого тийиш жана ошол катталган учурдан тартып юридикалык күчкө ээ болот.

44. Юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестрине тиешелүү жазуулар киргизилген учурдан тартып КАБ өз ишин токтотту деп саналат.

## 7. Мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

45. Мыйзамдарды бузган учурда КАБ жана анын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

## 8. Ревизиялык-контролдоочу органы

46. КАБдын финансылык жана чарбалык ишин КАБдын жалпы чогулушу менен 2 жылдык мөөнөткө шайлануучу Ревизиялык комиссия (Ревизор) контролдойт.

47. КАБдын жетектөөчү жана аткаруучу органдарында кандайдыр бир кызмат ордун ээлеген адамдар Ревизиялык комиссиянын (Ревизор) мүчөсү боло алышпайт.

48. Ревизиялык комиссия (Ревизор) жалпы чогулушка отчет берет.

49. КАБдын баардык кызмат адамдары Ревизиялык комиссиянын (Ревизор) өз функцияларын аткаруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

## 9. КАБдын финансылык, чарбалык иши жана мүлкү

50. КАБдын иши төмөнкү булактардан каржыланат:

- жергиликтүү башкаруу органдары менен макулдашуу боюнча жергиликтүү бюджеттен;
- юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу төгүмдөрүнөн;
- гранттар жана башка бекер жана кайтарымсыз жардамдардан;
- кандай формада болбосун кайтарылуучу жана төлөнүүчү карыз алууларды тартуудан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардан.

51. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коомдук тартипти коргоого, анын ичинде мыйзам бузуулардын алдын алууга көмөк көрсөтүүнүн айрым маселелерин аткарууну, ошол эле учурда берилүүчү ыйгарым укуктарды финансылык камсыздоо каражаттарын же булактарын аныктоо жана өткөрүп берүү менен КААБга өткөрүп берүүгө укуктуу.

52. Мыйзам бузуулардын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү, аларды финансылык камсыздоону аныктоо жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңеш менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы тарабынан кабыл алынат.

53. Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде КАБды материалдык жана моралдык колдоо чараларын көрө алышат.

54. КАБга берилген материалдык жана материалдык эмес активдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте КАБдын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилүүгө тийиш.